# ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ БАЛА ТАРБИСЫ

*Ош мамлекеттик университети*
*Арашан гуманитардык институту Дин*
*таануу факультетинин*
*Теология багытынын 2-курсунун студенти*
**Осмонали кызы Айдана**

Ислам done

Ислам дининде бала тарбиялоого өтө маани берилет. Дегеле тарбия деген эмне? Ал нерсенин жашообуздагы орду канчалык? Тарбия кандай болуш керек? деген суроолор ар бир адамды кызыктырса керек. Ошону менен бирге тарбияны ким берет? Тарбия берүүчү адам кандай сыпаттарга ээ болуу керектигин жалпыбыз биле бербейбиз.

ح سن أ ,, م ن ال أف ضم ن جم من وند"ا وان د ن حم ما

― Ата- Эне өз баласына жакшы тарбиядан өткөн баалуу нерсе калтыра албайт‖.

Бул хадис тарбиядагы ата-эненин ролун жана берилген ―жакшы‖ тарбиянын канчалык маанилүү экендиги көрүнүп турат. Албетте балага тарбия берүү, аны тарбиялуу кылып өстүрүү үчүн тарбияны берүүчү ―тарбиячылар‖ бул жаатта зор мааниге ээ. Тарбиячылар дегенибиз албетте бул- ата –эне. Ал инсандар себептүү үй- бүлө курулуп, наристелер же болбосо ―тарбияланууучулар‖ жарык дүйнөгө келет. Эмне үчүн тарбия берүүдө үй-бүлө маанилүү деген суроо боло турган болсо ал суроого төмөнкүчө жооп берсек туура болчуудай.

Исламда тарбия дегенде алгач Алла Таала эсибизге келет. Анткени эң улуу тарбиячы Алла болуп эсептелет. Куранда тарбия сөзүнүн уңгусу жана Жараткандын сыпаттарынан бири болгон ―Рабб‖ сөзү ―Алла‖ деген сөздөн кийинки эн көп кездешкен сөз. ―Рабб‖ деген табиятты жараткан, тарбиялаган, ырыскы берип, өстүрүп чоңойткон, материалдык жана руханий жактан толук кандуулукка жеткизген, Алланын сыпатын туюнтат. Ошондуктан ―Рабб‖ деген эң алгачкы жана түбөлүк тарбиячы, бүтүндөй ай-ааламды жаратып, тарбиялаган, Жараткан үчүн гана колдонулат. Куран Алланын инсанды тарбиялап бактылуу, камил инсан кылып жетилтирүүчү тарбиялык жол көрсөтүүчү ыйык китеп.

Инсандын өсүп өнүгүүсү сыяктуу эле, табият да ар дайым өсүп, өзгөрүү абалында болот. Ошондуктан бүткүл ааламды жараткан Жаратуучунун тарбиясы мутлак (чексиз) жана түбөлүктүү болуп эсептелет. Бул туурасында Зарият сүрөөсү 47-аятта: ―Алланын жаратуусу (тарбиялоосу) түбөлүк‖ деп баяндалат.

Азирети Али (р.а.) тарбияга; ―Тарбия – пенденин диний жана дүйнөлүк милдеттерди ийинине жеткире аткара ала турган денгээлге жеткирүү‖- деп аныктама берген.

Тарбия жөнүндө Куранда, сүннөттө өтө көп келет.

Пайгамбарыбыз (Ага Алланын салам-салаваты болсун) Пайгамбар болуп жиберилишинин максаты да – адамзатты тарбиялоо. Анткени өзү да ―Мен мугалим

катары жиберилдим ‖ , ―Мен жакшы мунөздөрдү толуктоо үчүн жиберилдим‖ – деп келет

―Биз адам баласын эң сонун көрүнүштө жараттык. Анан аны төмөндөрдүн төмөнүнө түшүрдүк ‖ – деген аятында айтылгандай, адамзат эң сонун көрүнүшкө ээ. Анын табиятында бир топ өзгөчөлүк жана жөндөмдө бар. Ата эне баланы тарбиялоо менен анын табиятында катылуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө аракет кылат жана аны чыныгы адамдык денгээлге чыгарат.

Куранда:

شدا غ الظ مالئ كة ع ه يها وان حجارة ان ناش وق ى ها ن ارا اه ه ي كم و أن ف س كم ق يا ام نوا ان دي ن أي ها ي ا ي مرون
ما ي ف ع هن و امرهم ما هلاي ع صىن ال

―Эй, момундар! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар менен таштар болгон тозоктон сактагыла! Анын үстүндө таш боор жана каардуу периштелер болот. Аллахтын буйругуна эч каршы болушпайт жана өздөрүнө буйрулган нерсени кынтыксыз аткарышат‖ Бул аяттын арасында үй-бүлөгө, балдарга тарбия берип, ага-инилерге тарбия берип, алардын тозок отуна түшүп калуусунан сактап калгыла деген сөз . Мына ушул аят менен балдарга тарбия берүүнүн милдеттүүлүгү келип чыгат.

Исламда бала тарбиялоо, ата-эненин алгачкы диний милдети болуп саналат. Исламда баланын тарбиясынан биринчи ирээтте ата-эне жоопкер болот. Ошондуктан Ислам双 дининде бала тарбиялоо - үйлөнүү чечими кабыл алынганда, эне болуучу жарды тандоодо диндар болуусу, туугандык факторуна көңүл буруу менен эле башталат.

Ислам преспективасынан тарбиячыны изилдеп көрсөк, бири инсанды алгач Алла, үй-бүлөсү, чөйрөсү андан соң өзүн өзү (аткара алса) тарбиялайт. Эң идеялдуу жана чыныгы тарбиячы Жаратkандын өзү болуп эсептелет. Анткени баарын жараткан Алла Таала кантип тарбиялоо керек экендигин жакшы билет.

Азирети Умар: (р.а.) ―Уулуңа тарбия бер, адеп бер‖ Себеби кыяматта өзүңдүн балаңа эмнени берип, эмнени үйрөттүң? деген суроо сага коюлат. Ал эми сенин балаң, сага итаат кылдыбы жокбу ошол нерселерден суралат деген.

Кыяматта ата менен баланын беттешүүсү болот. Балага, Эмнени мага үйрөттүң? Баладан, атаңа итаат кылдыңбы? Эмне жакшылык кылдың? Туура сөзүн ээрчидинби? деп суралат. Бүгүн унчукпай жүргөнүбүз менен акыретте бул суракка даяр болуу керек.

Хадис;

عن ي أب ىد ع س ي جدر ان: " من عال ´ ,, بنا هن ب ا ف ,و زوجهن ,سن وأح يهن ان, هه ف انجنة" –
ال

―Кайсы бир кишинин үч кызы болсо. Аларга жакшы тарбия берсе. Жана аларды күйөөгө узатса. Ал адам жаннатка кирет‖.

Демек, кыздарга берилген таалим - тарбия ата-эненин бейишке кирүүсүнө себеп болот.

Ал эми ТАРБИЯЧЫ деген ким? Кандай сыпатка ээ болушу керек?

Аалымдарыбыз бул жаат боюнча 9 сыпатты белгилеп кетишкен. Бул сыпаттарды ар бир тарбиячы өзүнө камтып, сиңирип алышы керек.

Бардыгыбыз тарбиячыбыз же келечектеги тарбиячыбыз. Үй-бүлөлүү адам үй-бүлөсүнө, бойдоктор келечектеги үй-бүлөсүнө тарбиячы.

Бир адам төрөлгөн баласын молдого көтөрүп алып келип; ―Кантип тарбия беришим керек‖ деп сураса. Молдо жооп берген экен; ―Тогуз ай кеч калыптырсың‖ деп. Бул дегени баланын апасын алаарыңда, кандай адам? Менин уругум кандай жерге түшөт? Кимдин сүтүн ичет? Деп ойлонушуң керек эле деген сөз.

1. Илим. Адамда илим болуусу керек. Тарбия берүүдөн мурда. Илим эки түргө бөлүнөт. Шарьий илим. Илмул ваакиь.

Шарьий илимди баарын окуу шарт эмес. Бирок, намаз, орозо, зекет (эгер зекет бере турган даражада болсо), адал-арам. Ушулардын баарын адам алгач өзү билүүсү керек. Билбей туруп тарбия берүү мүмкүн эмес.

Илмул ваакиь. Айлана-чөйрөнүн илими. Саясат кандай болуп жатат? Адамдар эмне менен жашап жатат? Эмне жеп жатат? Каяка кетип жатат? Адамдар кандай адамдар? Ким жакшы, ким жаман? Ушуларды билуу керек. Шариятты билип, бирок бул илимден алыс болуу болбойт.

Ошол үчүн тарбячы өзү биринчи илим алуу керек. Куранды билүү керек. Акыйданы оңдоп алуу керек. Орозо тутканды билүү керек. Жалпысынан өзүнө керектүү өкүмдөрдү билип алуу зарыл. Өзү билбей жатса башкаларга да тарбия бере албайт.

Базарга бара турган болсо, алыш-беришти билүү керек. Мисалы: Акча бар. Алмаштыруу керек. Алмаштырууга барганда баланы да кошо ала барып, үйрөтүү керек. Тыйынды бердин, даароо алууң керек. Долларды бердиң, сомду анан алам, бир күндөн соң алам десе арам болот. Акча алмашууда акчаны берип, ала турчу акчаны да дароо алуу керек. Ушуга окшогон өкүмдөрдү өзү билип, балага да үйрөтүү керек.

Эгерде адам динден, илимде кабары жок болсо, баласы туура жолго түшүп жатса, туура жолдон кайтарат. Себеби ал адам өзүнө ылайык илими жок. Ошол үчүн билбеген адам, баарын жаман жака чыгарып кое берет.

2. Аманатчыл. Адам менен Кудайдын ортосундагы мамиледе аманатчыл болушу керек башкача айтканда тарбия берген адам өзү биринчи намаз окуган адам болушу шарт. Өзү орозо кармаган болушу керек. Өзү Кудай менен болгон мамилесинде, адамдар менен болгон мамилесинде түз болушу керек. Анда соң гана ал адам туура мамиле (тарбия) берет.

Өзү жалган айтып жаткан болсо, түз жүр деп айта албайт. Туура сүйлөгөн соң башкаларга туура сүйлө деп айтса жарашат.

Азирети имам Абу Ханифага (Алла ага арайым кылсын) бир киши баласы туурасында арызданып келип, ага бал жебе деп айтып коюусун суранып келди. Себеби баласынын оорусу бал жесе күчөп кетээрин айткан. Абу Ханифа ага айтты ―Макул айтайын бирок кырк күндөң соң келгиле‖ деп жооп берет. Ошентип алар кырк күндөн соң баласын кайрадан алып келишкенде Абу Ханифа балага карап, ―Балам, бал жебе‖ деп айтат. Ошентип бала абал жебей калат. Бул нерсеге таң калган баланын ата-энеси, ушул сөздү кырк күң мурда эле айтып койсоңуз болмок, арадан кырк күн өткөрүп отурбай деп айтышканда, Абу Ханифа аларга минтип жооп берет ―Силер келген

учурда мен да бал жеп отурганмын. Мен өзүм жеп жаткан балды кантип жебе деп айтмак элем, тагыраагы өзүм бир иштен тыйылбай туруп башкаларды тыйганым таасирдүү болбойт. Ошол үчүн ошол күнү жеген балым кырк күндөн соң денемден таратып, өзүм да тыйылган соң гана силердин баланарга балды жебе деп айттым. Ал мени укту‖ деп жооп берген экен.

3. Күчтүү. Тарбиячы күчтүү болуу керек. Ден соолугу күчтүү, акыл-эси күчтүү, адеп-ахлагы күчтүү болуу керек. Көпчүлүк балдар 1-2-3-4-5 класска чейин ата-энени угат. Себеби ата-эне ал учурда күчтүү болот. А бирок 6- класска баргандан кийин ата- энесин тоготпой калат. Кыз энесин тоготпойт. Бала атасын тоготпойт. Анткени ата-эне өзүн өстүргөн эмес. Ата чала сабат, кийимдери тазалыкка жоп бербейт, намаз окубайт. Бирок башкалардын атасы алдыда. Ушул сыяктуу себептер аркылуу ата баланын көзүнө кичине көрүнүп калат.Эгер балдарга чындап жана жакшы тарбия бергиси келген адам, өз балдарына өмүр бою үлгү болуу керек. Балдарга тарбия берип жатканда тарбиячы өзүнө өзү да дайыма тарбия берип туруу керек. Балдардын көз астында ден соолук тараптан, акыл-эс тараптан, адеп-ахлак тараптан балдардан күчтүү болуп туруу керек.

Мисалы: Үйдө аял кожоюн болуп кала турган болсо, балдардын бардык тарбиясы жокко чыгып кетти деген сөз. Эгерде эркек үйдо кожоюндук кыла албай турган болсо, эркектин сөзү акыркы сөз болбой турган болсо, ошол үйдө аялдын сөзү кожоюндук кыла турган болсо, анда эркектин алсыздыгы болот дагы, эркектин сөзү угулбайт.

Демек, балдарга тарбия берээрден мурда, аял күйөөсү уга турган болуу керек. Кээде чындап эле аял күйөөсүнө караганда акылдуу болот. Ошентсе да балдардын көзүнчө сеники туура эмес, менин сөзүм туура деп айтпоо керек. Балдар жок жерде туура пикирди өзүнө айтып, ал ―туура пикир‖ атанын оозунан чыксын. Үйдө балдар атадан коркуп, ата күчтүү болуп турбаса, анда бактылуулук болбой калат.

4. Адилеттүлүк. Ата, үйдөгү эне балдарга бирдей, адилеттүү болуу зарыл. Бирөөсүн көбүрөөк, бирөөсүн азыраак жакшы көрсөң балдардын ортосунда душмандык пайда болот. Бир баланы дайыма малга коюп коесун, экинчисин тойго, отурушка, базарга ээрчитип барасың беркисин ээрчиткиң келбейт. Ошентип отуруп ата эне өлгөн соң балдар бири-бирине душман болот.

Ошол үчүн балдарга күлгөндө, сүйлөгөндө, белек бергенде, алтургай урганда, кийим алып бергенде, тарбия бергенде, өпкөндө, эркелеткенде, жазалаганда балдарыңа бирдей болуу керек. Бирөөсүн дайыма мактап, эркелетип. Экинчисин дайыма урушуп, кагып-силкип уруша берсен барып, бири-бирине душман болуп чыгат да, ал балдардан жакшы адам чыкапай калат.

5. Тырышчаактык. Ата жана эне балага тарбия бергенде тырышып тарбия берүү керек. Жашап атат. Курсагы ток жүргөнү эсеп эмес, жогоруда белгилеп өткөндөй. Баланын жакшы тарбия алуусуна ата да, эне да, аалым да, молдо да кошуна дагы аракет кылып, тырышчаактык менен мамиле кылбаса болбойт. Мисалы: Базарда иштеген адам эрте менен турат, ага товар алып келет, карайт, эсептейт, айтоор пайда табуу үчүн тырышат. Эгер ал товар албаса, эрте менен эрте ачпаса, кардарлар менен кандай мамиле кылууну билбесе, анын товарына эч ким келбейт, кызыкпайт.

Натыйжада ал адам эч кандай пайда көрбөйт. Илим алууда да тырышкандай эле, базардан соода кылууга тырышкандай эле, тарбия берүүдө ата менен энеден тырышчаактык да сөзсүз түрдө керек болот.

6. Чечкиндүүлүк. Ата жана эне чечкиндүү болуу керек. Ата-эне кээде балдарына эркиндик берем деп олтуруп, балдарын ээрчип кетип калып, балдарына багыт бергенден калып калат. Мектепти бүткөн соң балдары колунан чыгып кетет. Ага чейин балдарынын тарбиясына тиешелүү чечкиндүү кадамдарды таштап, колунан чыгып кеткенге чейинки убакта үлгүрүп калуу керек. Балдары каалаган курсуна же лагерине барам десе, ушуну каалайт экен макул дебестен балким, алар каалап жатканды эмес, аларга эмне көбүрөөк жана маанилүү ошол нерсени ата-эне чечкиндүүлүгү менен тандай билип, аларга багыт берип, окутуп, тарбиясын бекемдеш керек. Эгер антпесен убакыт өтүп балдар ―Ата ошондо мага айтпапсың, дебепсиң, багыт берепсиң. Жок эле дегенде уруп болсо да мени үйрөтүп, окутуп койсоң болмок экен‖ деп ата-энени кыжаалатка салып каюу ыктымалдыгы бар.

7. Такыбаалык. Ата-эне өзү такыбаа болуу керек.Тарбиячы такыбаа, саалих болуу керек. Ата-эненин такыбаа экендиги, саалих экендиги ата-эне өтүп кеткенден кийин дагы, балдарына таасирин тийгизип кете берет. Булардын балдары, неберелери түз жолдон кайтып кетсе, баарыбир түз жолго кайтып келет. Ошол үчүн куда түшкөндө

―аккан арыктан суу агат‖ дегендей жакшылап ата-энесине карап көрүш керек болот. Ата-энеси жакшы болуп, баласы жаман, арак ичип, аракка көмүлүп алган болсо да, бир күнү сөзсүз түз жолго кайтып келет.

Курани каримде бул туурасында айтылган; ―Ата энеси саалих болгон ‖ деп келет. Балдардын ырыскысынын сакталып калгандыгына эмне себеп десе, ата-энеси такыбаа, саалих инсан болгон деп келет.

8. Чынчылдык. Тарбиячы өзү чынчыл болушу керек. Ал адам чынчыл болгондо кандай? Риядан алыс болуу керек. Сүйлөп жаткан сөзүндө, кылып аткан амалында, намаз, орозо, зекетинде бул адам чынчыл болсун. Офирист болбосун! Риякор болбосун! Эл көрсүн , кожо көрсүн дебесин! Чындап намаз окуй турган болсун. Балам түзүк болуп кетсин деп баланын көзүнчө эшан болуп көрүнүүнүн кереги жок. Өзүң менен өзүң чынчыл болсоң, ошол аалам balaңа көчөт. Бала- ата-эненин көчүрмөсү.

9. Хикмат. Хикмат деген эмне? Хикмат деген - ар нерсени өз ордуна коюу деген сөз болот. Бул дегени уруша турган убакта уруш. Ура турган убакта ур. Эркелете турган убакта эркелет. Эркелетпей турган убакта эркелетпе. Ар нерсени өз убагында кой деген сөз болот. Ата-эне, тарбиячы хикматтуу болуу керек. Ушул учурда балама эмне таасир этет? Ошону колдонгонго аракет кылуу керек. Хикмат жок болсо болбой калат. Хикмат жок адамдардын баары адашып кетип калат. Кечке балдарын ура бергендер. Же кечке эркелете бергендер, ушулардын баары балдарын бузуп алуусу мүмкүн. Балага кайсы учурда кандай методика туура келээрин тактап, билип алса, ошол адам эң жакшы адам болуп эсептелет.

Мектеп. Азыр көп балдар окуйт да, каралбай тарбия берилбей калып кетет. Уктап атбы, жокбу? күндөлүк ачып көргөн эч ким жок. Шаар жергесинде жакшыраак бирок айыл жергесинде, күндөлүгүн ачып канча баа алды? Ким менен мушташты? Ата-

энелер чогулушна барып суроо деген жок. Ошондой каралбаган, тирүүлөй жетим балдарга мектеп-эң жакшы шарт. Мугалимдин тарбиясын алганга аракет кылат. Чындыгында мугалим күнүнө беш эле саат карайт. Он тогуз саат ата-эненин колунда. Бирок бечара бала мектептеги тарбияга гана таянып калган дагы үйдөн тарбия албай калат. Демек колубуздан тарбия берүү келбей жатса анда баланы түзүгүрөөк тарбия бере турган мектепке берүүбүз керек. Көбүнчө мусулман балдар окуган, жакшы ага- эжелер сабак берген мугалимдер менен сүйлөшүп, баласы туурасында сүйлөшүп аларга тапшыруу керек жана ал мугалимге кол кабыш кылганды ата-эне сөзсүз түрдө колго алуу керек.

Мектепте эмне окутулуп атканына маани берилбегени менен, бала ошол жерден калыптанат. Он жыл мектепте окуп атын жазалбагандар бар, он жыл мектепте окуп бардык маалыматты камтып алгандар дагы бар. Маселе эмнеде, ошол мекептен ―туура тарбия‖ алганга балдарды көндүрүү керек. Баланын коомдук түзүлүшү мектептен башталат. Келечекте бала президент болобу, аалым болобу же айыл өкмөт болобу? Же селсаяк болобу? Ошол мектептен алган атрбиясына байланып калат. Мектеп жашынан алардын мүнөздүк түзүлүшү калыптанат. Адеп-ахлагы, сөгүнүп сүйлөй турган бообу же аялдарды урматтай турган болобу? Же баарыбир боло турган болобу, ошол учурга байланыштуу. Андан сырткары кесипке даярдоо. Кесиптик өзгөчөлүгүн да бала мектептен алат. Эгер балага тарбия берип жаткан мугалим болсо, оозунана жаман сөз түшпөгөн адам болсо, ата-эне барып ал мугалимди кетирип, алмаштырууга көнүл бөлүү керек. Балам түз жүр деп айтуудан алдын балага Алланы таанытуу, Алла баарын көрүп турат, билип турат дегенди үйрөтүү.

Биз көбүнчө ―Эл эмне дейт?‖, ―Кой эл көрсө уят деп айтабыз‖. Бул деген көбүнчө балдарды мунаафыктыкка, эки жүздүүлүккө тарбиялайт. Анткени ал балада эл көрбөгөн жерде боло берет деген түшүнүк калат да ―Кудай көрүп турат‖ деген түшүнүк калып кетет да, ―Уят‖ деген түшүнүк менен калыптанып, жашап калат. Ошол үчүн балдарга ―Эл көрүп тураттан‖ алдын, ―Кудайым бар, көрүп турат, билип турат‖ дегенди башкача айтканда ―Ыйманды‖ үйрөтсөк, кийин ошол балдардан жакшылык күтсөк болот.

Бала ибаадатка бекем болуп чоңоюш керек. Пайгамбарыбыздын ( Алланын салам-салаваты болсун) убагында сахабалар балагатка жетелек балдарына да орозо карматышчуу. Күн батаар маалда курсактары ачып, суусаган убакта суу берип, же тамак берип койбостон, күн батканга чейин оюнчуктар менен же ошого огшош нерселер менен алаксытып, ооз ачаар маалга жеткиришчүү.

(ага Алланын салам-салаваты болсун) ―Балдарыңарды жети жаштан намазга буйругула! Он жашка келгенде окубаса ургула. (уруу бул көгөртүп салуу эмес, опузалап эскертүү ирээтинде.) Себеби он экиге (балагатка жеткенде) намаз окуп) баштабасын. Ага чейин даяр болуп калсын деген. Ошол үчүн балдарга кечке насаат айтып турганда эмес, балким мусулманчылыкка аларды практика жүзүндө даярдап, көрсөтүп, даярдоо.

Курани Каримде айтылат;

—Чындыгында намаз бузукулуктан тосот...‖ Балдар жаман сөз сүйлөйт, жаман кылык-жоорук ылат. Эгер намазды үйрөтсөң баарын намазга байлап коесуз. Намаз өзү аны кайтарып алат деген сөз. Бул - Кураандын сөзү.

Бала туура тарбия алуу үчүн ал – эркиндикти алуу керек. Озүн-өзү урматтаганды билүү керек. Ошол үчүн баланы андай бол, мындай кылба деп кагып силке берсеңиз ал чоңойбой калат. Кээде үйлөнгөн соң деле апасы урушкан үчун, апасына жакпаган үчүң, апасы айткан үчүң ажырашып кеткен эркектер толтура, же тескерисинче.

Балага буйрук берчү учурлар болот бирок бала менен кадимкидей чоң атадай суйлошуш кк ошондо балдар өз ордуна туура келет.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Курани карим:
2. Фуркан сүрөсү 74-аят
3. Бакара сүрөөсү 128
4. Ал Имран сүрөөсү 38-аят
5. Ибрахим сүрөөсү 40аят
6. Лукман сүрөөсү 16
7. Исра сүрөөсү 111
8. —Сахих‖ Ал Бухари (васаят 9), (Никах 12)
9. —Сахих‖ Муслим (васаят 14), (адаб 26)
10. —Сунан‖ ат-Тирмизи (ахкам 36)9
11. —Сунан‖ ан-Насаи
12. —Сунан‖ ибн Маажа
13. —Сунан‖ Ад-дарими
14. —Муснад‖ имам Ахмад
15. Хадистердин негизинде Ислам

Кыйыр түрдө тиешелүү болгон адабияттар:

16. —Үй-бүлөм‖ профю Докю Хурийе Марты, Док. Фатма Байрактар Карахан; 1-басылышы 2019, Анкара
17. —Баланды тарбиялаба, өзүңдү тарбияла‖ Элжас Эртай уулу, Бишкек 2021
18. —Финдердей окуталы‖ Тимоти Д. Улкер, Бишкек 2019
19. —Исламдагы бала тарбиялоо‖ Бишкек 2020
20. —Бала тарьиялоодогу жаңы ыкмалар) Түрк педагогу Халид Эрдугрул
21. —Үч жаштан кийин кеч‖ Масари Ибука, Которгон: Асылбек Жооданбеков ред.Самат Тоялиев, Бишкек 2015
22. — Балага тарбия берүүдөгү адашуулар‖ педагог Адем Гүнеш. Кыргызчага которгон: Мээрим Сайдилканова.
23. —баламды антип тарбияайм‖ Айгерим туракулова
24. —Ата Эне менен баланын мамилеси‖ Хишам ал-Тоолиб, Абдулхамид абу Сулайман, Омар ал Тоолиб

25. ―бала биздин күзгубүз‖ Адем Гүнеш, Бишкек 2022
26. ―Балдар психологиясы‖
27. Ата эне жана мектеп‖ К. Акматов, Н. Жоошбаев, С.Мурзаев, З.Момонов
28. ―Бала тарбиялоодогу кыргыз кереметтер‖ А. Муратов, к. Акматов